**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Рыспаева Чолпон Курманбековнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары» темасындагы диссертациясына расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясы инсандын калыптануусунда олуттуу роль ойнойт. Анын жоктугу баланын сабакка жетишүүсүнүн төмөндөшүнө, өспүрүм курактагы укук бузууларга алып келет, окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун камсыз кылбайт, өзүн-өзү өркүндөтүүгө жана өз алдынча билим алууга кызыгуусун арттырбайт. Дал ушул кенже мектеп курагында баланын окууда ийгиликтерге жетишүүгө умтулуусу жана өзүн-өзү тынымсыз өркүндөтүүгө жана өз алдынча билим алууга муктаждыгы калыптанат. Ошондуктан азыркы учурдагы заманбап башталгыч мектептин мугалимдеринин алдында эң маанилүү кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивдерин түшүнүү жана анын калыптандырууга жөндөмдүү болуу милдети турат.

Бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн абалы – бул биздин коомубуздун эртеңки күнү, ошондуктан биздин өлкөбүздүн келечеги, баарынан мурда, мугалимдердин колунда турат. Ошол себептүү кенже мектеп окуучуларынын конструктивдүү окуу мотивациясын калыптандыруу менен, мугалим ар бир мамлекет үчүн эң маанилүү, эң олуттуу жана тагдырды чечүүчү сапатты калыптандыруунун эң алгачкы кыштарын коё баштайт деп ишенимдүүлүк менен айтууга болот.

Дал мына ушул себептүү бул стратегия Ч.К. Рыспаеванын илимий изилдөөсүн жүзөгө ашыруудагы багыт берүүчү ориентир болуп саналып, анын **актуалдуулугун** тастыктайт жана заманбап мектептеги кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруу проблемасын чечүүнү шарттап турат.

Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, пайдаланылган булактардын библиографиялык тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын өзөктүк мазмуну автордун ата мекендик («Вестники» вузов) жана Москва, Чебоксары, Абу-Даби шаарларындагы чет өлкөлүк алдынкы илимий-педагогикалык басылмаларда жарык көргөн.

Ушулардын бардыгы диссертациянын автору тарабынан изилдөөнүн ар кайсы этаптарында төмөндөгүдөй аспектилер боюнча чоң жана олуттуу иш жүргүзүлгөндүгүн ырастап турат:

а) биринчиден, ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий-педагогикалык адабияттарга теориялык талдоо жүргүзүлгөн, кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруу боюнча тажрыйбалуу адистердин тажрыйбалары өздөштүрүлгөн, «окуу мотивациясы» түшүнүгүнө салыштырмалуу лексикалык талдоо жүргүзүлгөн;

б) экинчиден, изилдөөнүн предметтик тарамында болуу менен, автор өзүнүн изилдөөсү үчүн методологиялык өңүттөрдү жана методдорду иргештирген, кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыккан жана анын калыптануу процессин сыпаттап баяндап көрсөткөн;

в) үчүнчүдөн, автор тарабынан иштелип чыккан окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугу тажрыйбалык-эксперименттик иштерди жүргүзүү жолу менен далилденгендиги демонстрацияланып көрсөтүлгөн.

**Илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн деңгээли жана алардын ынанымдуулугу** төмөнкүлөр менен камсыз кылынган:

- проблеманы автор тарабынан колдонулган инсанга багытталган, ишмердүүлүк жана системалык өңүттөргө таянуу аркылуу караштыруу методологиясы менен;
- изилдөөдө сынактан өткөн илимий-методикалык аппараттын колдонулушу менен;

– изилдөөнүн ынанымдуулугу изилдөө предмети боюнча мурдагы илимий-изилдөө иштерине ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө негизделгендиги менен;
– тажрыйбалык-педагогикалык иштердин ырасталган верификацияланган натыйжаларына таянуу менен.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

– кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруу процессин үч методологиялык өңүттүн: инсанга багыттап окутуу, ишмердүүлүк жана системалык өңүттөрдүн жыйындысында каралган теориялык-методологиялык негиздөөдө;
– кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруу процессин өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын жана методдорун аныктоодо;
– кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясынын калыптануу деңгээлин диагностикалоо жолдорун иштеп чыгууда.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгын камтыган бир кыйла олуттуу натыйжалар төмөнкүлөр болуп саналат:**

– «окуу мотивациясы» түшүнүгү чечмеленген буга чейинки түшүндүрмөлөрдө билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жана окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча негизги методологиялык өңүттөрдүн бири, тактап айтканда, компетенттүүлүк өңүт жок экендиги жөнүндө **жобого негизделген**. Бул автордун терең түшүнүктүк талдоо жүргүзүүсүнүн натыйжасында *жөндөмдүүлүк катары* жана *система катары* деген эки лексикалык аспектидеги тастыктоону түзүшүн шарттаган; андан тышкары кенже мектеп окуучусунун «окуу мотивациясы» **дефиниция такталган**;
– кенже мектеп окуучусунун окуу мотивациясынын мотивдердин, керектөөлөрдүн жана максаттардын жыйындысында каралган **мазмуну жана түзүмү** аныкталган;

– **автор тарабынан иштелип чыккан диагностикалоонун жолдорун** колдонуу менен, кенже мектеп окуучусунун окуу ишмердүүлүгүнүн негизги мотивдери: социалдык, таанып билүүчүлүк, руханий мотивдер **аныкталган жана мазмундуу сыпатталып баяндалган.** Аларды билүү кенже класстардын мугалимдерин күтүлгөн натыйжаларды пландаштырууга жана алдын ала болжолдоого багыттайт;

– кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруучу **педагогикалык шарттар иштелип чыкты**.

**Изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү катары төмөндөгүлөрдү жыйынтыктап көрсөтсөк болот**:

– автор тарабынан аныкталган жана далилденген жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар кенже окуучуларды окууга болгон мотивациясын калыптандырууда анын өнүгүшүнө жана негизги айрым аспектилерин толуктоого жардам берет;

– изилдөөнүн негизги теориялык жыйынтыктары кенже окуучулардын окуу мотивациясынын жаңы механизмдерди иштеп чыгуу, шарттарды жана инструменттерин анын концептуалдык негизин андан ары жакшыртууну калыптандырууда жардам берет.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** изилдөөнүн жыйынтыктарынын кеңири колдонуш мүмкүнчүлүгүнө жана сунуштарына байланыштуу. Башталгыч мектептин мугалимдери алынган маалыматтардын негизинде кенже окуучулардын окуу мотивациясын калыптандырууда төмөндөгүлөрдү колдонушу мүмкүн:

– кенже окуучулардын курактык эсебинин сунуштарын жана жеке өзгөчөлүктөрүнүн сунуштарын;

– башталгыч мектепте окутуунун топтук жана жеке окутуу формаларын колдонуу боюнча сунуштарды;

– оюн жана шоу-технологияларды колдонуунун усулдук сунуштарын;

– кенже окуучулардын окуу мотивациясын калыптандыруу процессине ата-энелерди тартуу иштерин жана эмоционалдык жагымдуу маанай тартуу болуп саналат.

**Конкреттүү жыйынтыктарды колдонуу сунуштары жана диссертациянын жыйынтыктары:**

– «окуу мотивация» такталган дефиниция мазмуну кенже окуучуларды калыптандыруу процессинде колдонушу мүмкүн;

– окуу мотивациясынын структуралык элементтери: мотивдер (социалдык, таанып билүү, жан-дүйнө), талаптар, максаттар башталгыч класстардын мугалимдеринин усулдарды тандоодо жана окутуу жана тарбиялоо усулдарын кенже окуучулардын окуу мотивациясын калыптандырууда багыт берүү катары кызмат кылышы мүмкүн;

– диагностикалык инструментарийлер болсо башталгыч класстардын мугалими кенже окуучулардын окуу мотивациясын калыптандыруу деңгээлин табууга жардам берет;

– мугалимге окуу мотивациясын калыптандыруудагы педагогикалык шарттар кенже окуучулардын окуу жыйынтыктарынын ийгиликтерине жетишинин негизи катары карасак болот.

**Жоболордун жана жыйынтыктардын жарыкка чыгыш деңгээли.** Диссертациянын темасы боюнча автор тарабынан жарыкка чыккан илимий эмгектер илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын чагылдырып турат.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта мүмкүн болгон мүчүлүштүктөр:**

**1.** Кенже окуучулардын окуу жана окуудан сырткары ишиндеги болуп калуучу фактты эсепке алып, ***кенже окуучулардын окуудан сырткары иш ресурстарынын окуу мотивациясын калыптандырууда,*** окутуу жана тарбиялоодо, балким, релеванттык педагогиканын элементтери аркылуу эффективдүү таасир кылуу максатка ылайык болмок.

**2.** Изилдөөнүн предмети катары кенже окуучулардын окуу мотивациясын калыптандыруу шарттары болгондугуна карабастан, ***окуу мотивациясынын***

***калыптандыруунун системасы иштелип чыкса***, бул эффективдүү таасир кылмак, андан тышкары иштелип чыккан шарттарын педагогикалык процесстин бардык компоненттерине проекциясы көрсөтүүгө мүмкүндүк бермек.

**3.** Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык биринчи жана экинчи класстарда – белгисиз баалоо, үчүнчү жана төртүнчү класстарда – белгилүү баалоо болгондугуна карабастан, кенже окуучулардын окуу мотивациясынын жана баанын ара мамилеси мүнөздөлгөн учурда, ***корреляциясы көрсөтүлсө*** эффективдүү болмок.

**КРнын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун» 10 п. ылайыктуулугу критерийлерине иштин жооп бериши.** «Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары» деген темадагы Рыспаева Чолпон Курманбековнанын кандидаттык диссертациясы актуалдуу темага ылайыкталып жазылган, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Жыйынтыкталган иш катары эсептелет, жеке аткарылган. Анын илимий жыйынтыктары, жаңычылдыгы жана тактыгы менен өзгөчөлөнөт, диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары илимий эмгектерде жарыкка чыккан. Аталган диссертация кандидаттык диссертация талаптарына дал келет, демек анын автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика тарыхы жана билим берүү адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий наамга татыктуу.

**Официалдуу оппонент**
педагогика илимдеринин доктору,
КР БбИМ алдындагы Республикалык
педагогикалык кызматкерлердин
квалификациясын жогорулатуу жана кайра
даярдоо институтунун педагогика, психология
жана социалдык-гуманитардык билим берүү
кафедрасынын профессору Н.К. Дюшеева

15-апрель 2019 ж.

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча **Рыспаева Чолпон Курманбековнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы диссертациясын эксперттик баалоонун **чен-өлчөмдөрү.**

| № п/п | Баалоонун негизги чен-өлчөмдөрү | Баллдардын саны |
|---|---|---|
| **I** | **Актуалдуулуктун чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөө проблемаларынын иликтенгендиги | 5 |
| 2. | Тандалып алынган теманын актуалдуулугунун негизделиши | 5 |
| 3. | Иштелмелерге жасалган мамилелердин артыкчылыктары | 5 |
| 4. | Автордук жумушчу божомолдун логикалуулугу | 4 |
| 5. | Максаттын жана милдеттин баяндалышы жана өз ара байланышы | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 24 |
| | **Орточо балл** | 4,8 |
| **II** | **Жаңылыктардын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн принциптүү жаңылыгы | 4 |
| 2. | Илимий-усулдук мамиленин жаңы экендиги | 4 |
| 3. | Көтөрүлгөн негизги жоромолду типтештирүү | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 13 |
| | **Орточо балл** | 4,3 |
| **III** | **Сапаттын жана деңгээлдин чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн уюштурулушу жана методологиясы | 5 |
| 2. | Илимий теориялык ресурстары | 5 |
| 3. | Изилдөөнүн илимий колдонуучулук ресурстары | 4 |
| 4. | Материалдарды иштеп чыгуунун негиздүүлүгү | 4 |
| 5. | Теориялык натыйжа (фундаменталдуулугу) | 5 |
| 6. | Натыйжалардын практикадагы зарылдыгы | 4 |
| 7. | Максаттын жана милдеттин ишке ашырылыш деңгээли | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 31 |
| | **Орточо балл** | 4,4 |
| **IV** | **Апробацияланганддыктын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Публикациянын толуктугу, деңгээли жана географиясы | 5 |
| 2. | Ачык апробациялоонун толуктугу жана географиясы | 5 |
| 3. | Белгиленген муктаждыкты канааттандыруу деңгээли | 5 |
| 4. | Изилдөөгө жеке салым | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 19 |
| | **Орточо балл** | 4,7 |
| **V** | **Жол-жоболоштуруу сапатынын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Диссертацияны жол-жоболоштуруунун сапаты | 4 |
| 2. | Авторефератты жол-жоболоштуруунун сапаты | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 8 |
| | **Орточо балл** | 4 |
| **VI** | **Диссертацияны «өткөрүүнүн» чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Коргоо алдындагы жол-жоболордун шайкештиги | 5 |
| 2. | Коргоо жол-жоболордун шайкештиги | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 10 |
| | **Орточо балл** | 5 |
| | **Баллдардын жалпы суммасы** | **105** |
| | **Орточо балл** | **4,6** |

Расмий оппонент: п.и.д., профессор Дюшеева Н.К.